Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
20-21. sayı 2015

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
20-21-саны 2015

# ПАЙГАМБАРЛАР КАЛТЫРГАН БААЛУУЛУКТАР

**Док. Ахмедова Замира**
Ош МУнун теология факультетинин окутуучусу

**Аннотация**

Бул макалада пайгамбарлардын жашоолорунан үлгүлөр берилди. Үлгүлөрдүн мусулмандарга маанилүүлүгүнө басым жасалды. Өзгөчө Аз. Мухаммеддин (сав) үлгүлүү ахлакы түшүндүрүлдү. Себеби Улуу Аллах аны бизге эң жакшы үлгү катарында жөнөттү.

**Ачкыч сөздөр:** Пайгамбарлардын жашоосу, Ахлак, Баалуулуктар, Үлгү

**Özet**

Bu makalede peygamberlerin hayatından örnekler verdik. Onların Müslümanlara önemini vurguladık. Özellikle Hz. Muhammed'in (sav) örnek ahlakı anlatıldı. Çünkü Yüce Allah, onu bize en güzel örnek olarak tanıttı.

**Anahtar Kelimeler:** Peygamberlerin Hayatı, Ahlak, Değerler, Örneklik

**Abstract**

In this article, we gave examples from the life of the prophets. Emphasized the importance to Muslims. Especially Prophet Muhammad's morals are described. Because Allah has introduced him as a best model.

**Key Words:** The life of the Prophets, Morals, Values, Exemplary

## Киришүү

Аллах таала адам баласын эң сонун жаратып, аны акыл менен кадырлаган. Ошол эле учурда бардык жандыктардан жогору баалап, аны жер жүзүнүн орун басары кылган.[1] Мындай кадыр-барк жана сапат башка эч бир жандыкка берилген эмес. Аллах таала адам баласын барктагандыгы үчүн ага акыл, ой жүгүртүү сыяктуу өзгөчөлүктөрдү берүү менен бирге анын кызматына көптөгөн ниматтарды белек кылган. Бул туурасында Аллах таала *"Албетте, Биз инсанды эң мыкты турпатта жараттык"*[2] "*Биз адам балдарын (башка жандыктардан) артык кылдык. Аларды жерде жана деңизде саякаттоолоруна шарт түздүк. Аларга жакшы*

[1] Бакара сүрөсү, 30-аят.
[2] Тиин сүрөсү, 4-аят.

*ырыскыларды бердик жана аларды жаратkандарыбыздан бөлүп (беделин) көтөрдүк"*[1] деп айткан.

Аллах таала адамзатка ушундай ниматтарды берүү менен бирге эле ага өзүнө кулдук кылуу милдетин дагы жүктөгөн. Ошол эле учурда бул милдеттерди так жана жан дили менен орундалуусун камсыздоо үчүн мезгил мезгили менен ыйык кабарларды жеткирүүчү элчилерин жиберген.[2] Бул элчилердин алгачкысы жана ошондой эле алгачкы инсан Аз. Адам (ас), ал эми акыркысы Аз. Мухаммед (сав) экендиги баарыбызга маалым.

Аз. Мухаммед (сав)ке чейин миңдеген элчилер Аллах тааланын буйрук жана эскертмелерин жеткирүү үчүн өз миссияларын толук аткарып келишкен. Адамзатка диний жана адеп-ахлактык жүрүм-турумдары аркылуу үлгү болушкан. Тагыраак айтканда, алардын ар бири адамзаттын тарыхында үлгүлүү жашоо образдары менен өзгөчө из калтырышкан.

Алар элчилик милдетин аткарып жатканда көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушкан. Элчилердин чакырууларына тоскоол болгондор текебердиктеринен улам мындай туура эмес жагдайларга себепкер болушкан. Жада калса, мындай түшүнүккө ээ адамдар айрым учурларда пайгамбарларды кордошкон. Кыйынчылыктарга карабастан, пайгамбарлар милдеттерин так жана калетсиз аткарышкан.
Ошондой эле, кээ бир учурларда Аллах тааланын элчилеринин милдетин жогору баалап аларды ыйыктап адашкандар дагы пайда болгон. Аз. Иса (ас)ды пайгамбарлыктан кудай даражасына чыгарып адашкандар бул нерсенин далили.[3]

Мына ошого карабастан, пайгамбарлар адамзаттын үлгүсү катарында жашообузда жана келечекке карай жол

---

[1] Исра сүрөсү, 70-аят.

[2] *"Чындыгнда ар бир коомго элчи жибергенбиз..."* (Нахл сүрөсү, 36-аят); *"...Ырасында, эскертүүчүсү болбогон бир да коом жок."* (Фаатир сүрөсү, 24-аят).

[3] Христиан дин өкүлдөрүнүн Аз. Иса (ас)ды кандайча баалагандыгы жөнүндө караңыз: Абдуррахман Күчүк-Гүнай Түмер-Мехмет Алпарслан Күчүк, Динлер Тарихи, Анкара 2009, 367-368-беттер; Шинасий Гүндүз, Хыристиянлык, Станбул 2006, 67-69-беттер.

тартуубузда бизге маанилүү болуп калды жана боло бермекчи. Ошондой эле, пайгамбарларды үлгү алуу ар бир адмдын колунан келет. Себеби, Аллах таала аларды адамзаттын арасынан тандап жөнөткөн.

Бул жерде алгач Аз. Мухаммед (сав)га чейинки пайгамбарлардын калтырган кээ бир баалуулуктарынан мисалдар бермекчибиз. Андан кийин Аз. Мухаммед (сав)дин адамзатка белек кылган баалуулуктарына токтолмокчубуз.

**а. Пайгамбарлар белек кылган баалуулуктар**

Аз. Мухаммед (сав)га чейинки пайгамбарлардын дагы адамзатка мурас калтырган баалуулуктары баа жеткис жана аларды билүү зарылчылыгы бар. Тагыраак айтканда, алардын дагы калтырган үлгүсү адамзат үчүн ар дайым маанилүү. Аллах тааланын Кураны керимде мурдагы пайгамбарлар жөнүндө баян кылып, аларды үлгү көрсөткөндүгү бул нерсенин ачык далили. Мына ошондуктан алгач алардын кээ бир үлгүлөрүнөн сөз кылмакчыбыз.

Булардын алгачкысы адамзаттын атасы жана ошондой эле алгачкы пайгамбар Аз. Адам (ас) болуп саналат. Аз. Адам (ас)дын адамзатка үлгү болоорлук баалуулуктары көп. Мына ошолордун ичинен өзгөчө бирөөсү, бул анын күнөө иштегенден кийин жан дили менен бушайман болуп Аллах Таалага күнөөсүнүн кечирүүсү үчүн жалынып жалбаруусу. Аллах Тааланын анын ак ниеттүүлүгүнө карап кечирүүсү.[1] Бул нерсе адамзатка пенденин күнөө кылып алышы мүмкүндүгүн, негизги максат аны кайталабоого, ак ниеттүүлүк жана үмүт менен Аллах таааладан кечирим суроого үлгү боло алды. Бул туурасында Кураны керимде ушундайча баяндалат: *“Адам өз эгесинен сөздөрдү алды жана Ал анын тообосун кабыл кылды. Акыйкатта, Ал тооболорду Кабыл кылуучу жана Мээримдүү”*[2], “*О эгебиз! Биз өзүбүзгө зулум кылдык. Эгер сен бизди кечирип, ырайым*

[1] Аз. Адам (ас) тууралуу кеңири маалымат үчүн караңыз: Мустафа Эрдем, Хазрети Адем; илк инсан, Анкара 1999, 113-170-беттер.

[2] Бакара сүрөсү, 37-аят.

*кылбасаң, анда биз, албетте, зыянга учуроочулардан болобуз! - деп айтышты"*[1].

Аз. Нух (ас)да адамзат үчүн баалуу үлгүлөр бар. Мына ошолордун ичинен, динди жаюудагы сабырдуулугу жана чыдамкайлыгын эскермекчибиз. Аз. Нух (ас) өз коомун көптөгөн жылдар бою динге чакырууга аракет жасаган. Тагыраак айтканда, мүмкүнчүлүк жаралган ар бир учурда аларга Аллах тааланын кабарын жеткирүүнү максат кылган. Бул туурасында Кураны керимде Аз. Нух (ас) *"Оо Эгем, мен элимди түнү-күнү Сага чакырдым",*[2] *"Андан кийин мен аларды ачык да, жашыруун да чакырдым"*[3] деп айткандыгы баяндалат.

Аз. Нух (ас)дын динди жайылтуудагы убакытысы Кураны керимдин башка аятында өзгөчө белгиленген: *"Биз Нухту анын коомуна жөнөттүк, ал алардын арасында элүүсү кем миң жыл турду..."*[4] Аз. Нух (ас) динди түшүндүрүүдө жана жаюуда мындай сабырдуулугу ар дайым үлгү болуп келди жана боло бермекчи.

Аз. Ибрахим (ас) жана Аз. Исмаил (ас)да адамзат үчүн көптөгөн үлгүлөр бар. Биз булардан, алардын Аллах таалага карата кулдук милдеттерин кандайча аткаргандыгына байланыштуу үлгүнү эстеп өтөбүз. Аз. Ибрахим (ас) Аллах тааланын буйругу менен көптөгөн жылдардан кийин балалуу болот. Ага дагы бир сыноо берилип, түшүндө баласын Аллах таала үчүн курбандыкка чалуусу керектиги айтылат. Мына ошондо Аз. Ибрахим (ас) көздүн карегиндей болгон уулу Аз. Исмаил (ас)ди буйрукка моюн сунуу менен курбандык чалууга аракеттенет. Максатын уулуна айткан кезинде уулу дагы ага каршылык көрсөтпөстөн, баарынан Аллах тааланын буйругу жогору экендигин билдирип, буйрукка ак ниети менен баш ийет.[5] Бул туурасында Кураны керимде ушундай айтылат: *"... Оо Атаке! Сага кандай*

---

[1] Аараф сүрөсү, 23-аят.
[2] Нух сүрөсү, 5-аят.
[3] Нух сүрөсү, 9-аят.
[4] Анкабут сүрөсү, 14-аят.
[5] Абдуллах Айдемир, Исламий кайнаклара гөре пейгамберлер, Анкара 2003, 69-74-беттер.

*буйрук келсе ошону аткар. Аллах кааласа, мени сабырдуулардан экенимди табасын"*[1]. Тагыраак айтканда, алар адамзатка Аллах Тааланын буйругуна кандайча моюн сунуу керек экенин үлгү катары көрсөтүп кетишти.

Адамзат үчүн Аз. Давуд (ас) жана уулу Аз. Сулайман (ас)да дагы мыкты үлгү боло алат. Аллах таала аларга илим, мал-мүлк, падышалык жана пайгамбарлык берген. Бул эки пайгамбардын үлгүсү берилген ошол илим, байлык жана мансапты Аллах тааланын жолунда кантип колдонуш керектигин көрсөткөндүгүндө. Аз. Сулайман (ас) куштар, жиндер, шамал сыяктуу жандык жана күчтөргө ээлик кылып башкаруу жөндөмүн туура жолдо пайдаланган. Кыпындай дагы эч бир жандыкка зыян алып келген эмес. Тескерисинче, ар бир иштин адилеттүү болушуна шарт түзгөн. Кураны керимде анын аскерлери менен кетип бараткан мезгилинде кумурскалардын эзилип калбоо жаатындагы кооптонуу жана аракеттерини угуп Аллах таалалага шүгүр кылганын[2] эске алганыбызда бул нерселердин элементтерин дароо баамдоого болот.

Ал эми Аз. Аюп (ас)жөнүндө сөз кыла турган болсок, адамзат үчүн көптөгөн үлгүлөр бар. Алардын ичинен айрымаланганы сабырдуулугу. Аллах таала аны жашоодо кыйынчылыктар менен сынаган. Алсак Аз. Аюп (ас)дын жашоосу бир заматтын ичинде эле түп-тамыры менен өзгөрүп кеткен. Ал мал-мүлкүнөн ажыраган, балдарынан айрылган жана катуу ооруга чалдыккан. Бирок ушундай оор сыноону баштан кечирсе дагы Аллах тааладан үмүтүн үзгөн эмес. Жашоосунун оордугуна карабастан ал сабырдуулуктун мыкты үлгүсүн калтырган.[3] Анын мындай сабырдуулугун Аллах таала куранда мындайча баяндаган: "... *Биз аны сабырдуу абалда таптык. Кандай сонун пенде..."*[4]

---

[1] Сааффат сүрөсү, 102-аят.
[2] Намыл сүрөсү, 17-19-аяттар.
[3] Эбул Хасан эн-Недвий, Куранда ады гечен пейгамберлерин хаяты, Түркчөгө которгон Яхя Эриш, Станбул 1995, 74-75-беттер.
[4] Сод сүрөсү, 44-аят.

**б. Аз. Мухаммед (сав)дын белек кылган баалуулуктары**

Аз. Мухаммед (сав)да биз үчүн көптөгөн үлгүлөр бар. Бул туурасында Куранда Аллах таала *“Аллахтын элчисинде сиздер үчүн эң сонун үлгү бар”*,[1] *“Пайгамбар сиздерге эмне сунуш кылган босо аны алыңыздар, сиздерге эмнени тыюу салган болсо андан сактаныңыздар”,*[2] *“Кимде ким пайгамбарга баш ийсе, Аллахка баш ийген болот”*[3] деп айткан. Мына ошондуктан мусулмандар үчүн Аз. Мухаммед (сав)дин жашоосун жана адеп ахлактык жүрүм-турумун үйрөнүү жана үлгү алуу диний милдет болуп эсептелет.

Бул жерде Аз. Мухаммед (сав)дын үлгүлүү жашоосундагы айрым мисалдарга токтолмокчубуз. Мына ошолордун алгачкысы жана маанилүүсү пайгамбар (сав)дын Аллах тааланын астында кулдук милдетин так аткаруусу. Ал ыйбаттарды өз ордунда жана убактысында орундаткан. Жада калса, пайгамбарлык милдети жүктөлгөнүнө байланыштуу башка адамдарга караганда дагы көбүрөөк ыйбадаттарды кылган.[4]

Пайгамбар (сав) жакын туугандарына мамилеси жогорку деңгээлде үлгү болгон. Атай кетсек, аялдарына, кыздарына, күйөө балдарына жана неберелерине өтө жакшы мамиле жасаган. Мисалы, неберелерин ар дайым эркелеткен, керек болсо, намаз окуп жаткан учурда үстүндө ойноп жаткан неберелери үчүн саждасын узаткан.[5] Ошондой эле, алардын ысымдарын өзү койгон,[6] кулактарына азан окуган,[7] жети күндүктөрүндө акика курбаны сойдурган[8] жана аларга

---

[1] Ахзаб сүрөсү, 21-аят.
[2] Хашр сүрөсү, 7-аят.
[3] Ниса сүрөсү, 80-аят.
[4] Исра сүрөсү, 79-аят.
[5] Несааий, Ифтитах 83, Ахмад бин Ханбал, Муснад, Хадис номери: 27688.
[6] Бухарий, Эдебул Муфрад, Хадис номери 823.
[7] Хаким, Мустадрак, Хадис номери 4827.
[8] Эбу Давуд, Эдахий 21; Насаий, Акика 5.

болгон жакшы көрүү сезимдерин башкаларга айтып[1] үлгү болгон.[2]

Аз. Мухаммед (сав)дын аялзатына болгон мамилеси жогору болгон. Белгилүү болгондой, Исламга чейинки караңгычылык доордо араптар кыз баланы перзент катары эсептешкен эмес. Кыз балдар материалдык жүк, *"элге уят"* деп бааланган. Жада калса, кээ бирөөлөрү кыздарын мындай түшүнүктөрдөн улам,өз колдору менен тирүүлөй көмүшкөн. Ислам дини мындай туура эмес түшүнүктөргө тыюу салган. Караңгычылык доордо кыздуу болуу уялууга жана кемсинүүгө себеп болсо, ал эми Ислам кыз баланын бейишке жетүүгө себепкер экенин белгилеген. Бул туурасында Пайгамбар (сав) бир хадисинде: *"Бир момун эки кызын жакшылап тарбия кылып муктаждыктарын камсыз кылса, мен жана ошол адам (эки бармак бир-бирине жакын болгондой бир-бирибизге жакын болуп) бейиште болобуз"*[3] деп айткан.

Ислам аял укуктарына аябай маани берген жана аны жогорку статуска ээ кылган. Ислам дини аялзатына материалдык, каржылык, моралдык кыскасы көптөгөн укуктарды ыйгарган жана тааныган.

Исламда энелерге көрсөтүлгөн сый-урмат дагы бул диндеги аялзатынын кадырынын канчалык деңгээлде экендигин айгинелеп турат. Бул туурасында Пайгамбар (сав) *"Бейиш-эненин таман алдында"*[4] деп айткан.

Пайгамбар (сав) өз ата-энесин кичине мезгилинде жоготсо дагы, хадистеринде ата-энеге болгон урмат-сый жөнүндө көптөгөн насааттарды осуят кылган. Бул туурасында, «*Ата-энең ыраазы болбосо, Аллах таала ыраазы болбойт. Ата-энени капалантсаң, Аллах тааланын каары келет.*[5]» деп айткан. Ошол эле учурда, пайгамбар (сав) көптөгөн хадистеринде туугандар менен, башкача

---

[1] Бухарий, Буюу 49.

[2] Кеңири маалымат үчүн караңыз: Замира Ахмедова, "Хз. Хүсейинин дин анлайышы", Ислам медениетинин япыташлары семпозиуму, Анкара 2011, 257-277-беттер.

[3] Муслим, Бирр 149.

[4] Бухарий, Адеп 95.

[5] Тирмизий, Бирр 3.

айтканда, слайы-рахим менен жакшы мамиледе болууга үндөп кеткен.

Пайгамбар (сав) досторуна жана коңшуларына жакшы мамиледе болгон. Башка адамдар менен сүйлөшкөндө ар дайым жылуу жүзү менен көңүлдү буруп турган. Пайгамбар (сав) коңшу тууралуу, *“Жебирейил периште мага коңшунун акысы тууралуу ушунчалык көп насаат кылгандыктан, мен (Аллах тааланын) коңшуну коңшуга мураскор кылат окшойт деп ойлодум,”*[1] деп айткан.

Пайгамбар (сав) чынчыл эле. Анын эң чоң максаттарынын бири дагы чынчыл адамдардан турган коомду жаратуу болгон. Чынчылдык анын жүрүм турумунун бардык жагдайларында көрүнүп турган. Бул өзгөчөлүгү анын пайгамбарлыкка чейин эле белгилүү болуп калган. *“Мухаммедул эмин”* деп баалаган арабдар ага аманаттарын берүүгө аракеттенген.[2]

Пайгамбар (сав) ар дайым адилеттүүлүктү буйрук кылган жана мындай үлгүнү өзү дагы карманган. Жада калса, анын мындай мүнөзү пайгамбарлыктан мурда эле көзгө көрүнүп, ошол мезгилдеги зулумдукка кабылган адамдардын укуктарын коргоп, адилеттүүлүк үчүн кам көргөн *“Хилфул-фудул”* жамаатына мүчө болгон.[3]

**Корутунду**

Баардык пайгамбарлар адамзат үчүн үлгү болуп саналат. Адам, Нух, Исмаил, Дауд, Сулайман жана Аюп пайгамбарлардын жашоолору бай үлгүлөрдү камтыйт. Аз. Адам (ас) күнөөсү үчүн бушайман болуп тообо кылган. Аз. Нух (ас) динди жаюу үчүн талыкпай аракет кылган. Аз. Ибрахим (ас) жана уулу Аз. Исмаил (ас) курбандык сыноосунан ийгиликтүү өтүшкөн. Аз. Аюп (ас) сабры менен үлгү болгон.

Шексиз эң улуу үлгүлөр Аз. Мухаммед пайгамбарда (сав) бар. Ал ата-энеге жакшылык кылууга үндөгөн. Тугандарга жана коңушуга карата жакшы мамиле кылган. Үлгүлүү жашоосунан

[1] Бухарий, Адаб 28, Муслим, Бирр 140, 141.
[2] Ибрахим Сарычам, Хз. Пейгамберин чагымыза месажлары, Анкара 2008, 5-14-беттер.
[3] Мухаммед Хамидуллах, *“Хилфул-фудул”*, Түркия Диянет вакфы Ислам ансиклопедиси, XVIII, 31-бет.

улам *«Амин»* сапатына татыктуу болгон. Ошондой эле жакшылыкка салым кошуу үчүн *"Хилфул-фудул"* уюмуна мүчө болгон.

## Sonuç

Tüm peygamberler insanlar için örnektir. Âdem, Nuh, İbrahim, İsmail, Davud, Süleyman ve Eyüp peygamberin hayatlarında zengin örnekler bulunmaktadır. Hz Âdem (as), günahı için pişman olmuş ve tövbe etmiştir. Hz. Nuh(as), dini yaymak için çabalamıştır. Hz. İbrahim (as) ve oğlu Hz. İsmail (as), kurbanlık imtihanını başarmışlardır. Hz. Eyüp (as), sabrı ile örnek olmuştur.

Şüphesiz en büyük örnek Hz. Muhammed (sav) olmuştur. O (sav), anne babaya iyilik yapmaya çağarmıştır. Akrabaya ve komşuya karşı iyi davranmıştır. O (sav), örnek ahlakından dolayı *"Emin"* sıfatına laik görülmüştür. Ayrıca O (sav), iyiliği yüceltmek için *Hilful Fudul* kurumuna katılmıştır.

## Result

All prophets are examples for the people. Muslims should try to follow the example of their lives and them learning. There are rich examples in the life of the prophets Adam, Noah, Abraham, Ishmael David, Solomon and Job. Prophet Adam, regret and repent for sins. Prophet Noah was trying to spread the religion. Prophet Abraham and his son have been sincere in sacrificial. Prophet Job was the example with patience.

Undoubtedly the biggest example of the Prophet Muhammad has been. He urged kindness to parents. He has behaved relatives and neighbors. Because of the exemplary moral *"Amin"* was awarded the title. He also joined the *Hilf al-Fudul* institutions to uphold the good.

## Адабияттар

Айдемир, Абдуллах, Исламий кайнаклара гөре пейгамберлер, Анкара 2003.

Ахмедова, Замира, "Хз. Хүсейинин дин анлайышы", Ислам медениетинин япыташлары семпозиуму, Анкара 2011.

Гүндүз, Шинасий, Хыристиянлык, Станбул 2006.

Күчүк, Абдуррахман – Түмер, Гүнай – Күчүк, Мехмет Алпарслан, Динлер Тарихи, Анкара 2009.

Сарычам, Ибрахим, Хз. Пейгамберин чагымыза месажлары, Анкара 2008.

Хамидуллах, Мухаммед, *“Хилфул-фудул”*, Түркия Диянет вакфы Ислам ансиклопедиси, XVIII.

Эн-Недвий, Эбул Хасан, Куранда ады гечен пейгамберлерин хаяты, Түркчөгө которгон Яхя Эриш, Станбул 1995.

Эрдем, Мустафа, Хазрети Адем; илк инсан, Анкара 1999.